DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



*Бекмуратова Д.З.*

## НАНАЕВДЕРДИН ҮЙ-БҮЛӨСҮНҮН КУЛАККА ТАРТЫЛЫШЫ

*Бекмуратова Д.З.*

## РАСКУЛАЧИВАНИЕ СЕМЬИ НАНАЕВЫХ

*D. Bekmuratova*

## DISPOSSESSION OF THE NANAEV'S FAMILY

*УДК: 94 (575.2)*

*Бул илимий макалада XX кылымдын 30-жылдарында Совет бийлигинин бай-манаптарды тап катары жоюу саясаты боюнча чыккан токтомдордун негизинде Талас кантонунун, Кара-Ой болуштугунун №6 (азыркы Арал) айылынын тургуну Токтогул Нанаев бай-манап деген ат менен үй-бүлөсү менен Россиянын Оренбург округуна (Зауральная роща) сүргүнгө айдалган. Талас районунун Арал айылынан чыккан Токтогул Нанаевдердин үй-бүлөсүнүн кулакка тартылышы изилденген. Токтогул Нанаев жетиген уруусунан чыккан. Макалада Нанаевдердин үй-бүлөлүк чарбасынын Совет өкмөтү тарабынан конфискацияланышы архивдик материалдын жана талаа материалдарынын негизинде изилденип, Совет бийлигинин мезгилинде бай-манап катары, карапайым элдин душманы катары кулакка тартылган Токтогул Нанаев эл оозунда жарды-жалчыларга жардамын аябаган, адилетүү инсан болгондугу тарыхый булактар боюнча тастыкталат.*

***Негизги сөздөр:*** *кулакка тартуу, Совет бийлиги, конфискация, округ, болуштук, бай-манап, тап.*

*В данной научной статье рассказывается о том, что в 30-х годах XX века на основании постановлений Советской власти о ликвидации бай-манапов как класса житель села №6 (ныне Арал) Кара-Ойского района Таласской области Токтогул Нанаев под именем бай-манап со своей семьей был сослан в Оренбургский округ России (Зауральная роща). Исследовалась причина раскулачивания семьи Токтогула Нанаева из села Арал Таласской области. Токтогул Нанаев происходил из племени жетиген. В статье на основе архивных материалов и на основе материалов полевых исследований рассматривается факт конфискации хозяйства семьи Нанаевых Советским правительством, а также подтверждается, что Токтогул Нанаев, которого в советское время многие считали врагом простого народа, в памяти жителей был справедливым человеком, который помогал бедным.*

***Ключевые слова:*** *расскулачивание, Советская власть, конфискация, уезд, волость, бай-манап, класс.*

*This scientific article tells that in the 30s of the twentieth century, on the basis of the resolutions of the Soviet government on the liquidation of bai-manaps as a class, a resident of village No. 6 (now Aral) of the Kara-Oi district of Talas region, Toktogul Nanaev, under the name of bai-manap, with his family, was exiled to the Orenburg District of Russia (Zauralnaya grove). The reason was investigated for the dispossession of the family of Toktogul Nanaev from the village of Aral, Talas region investigated. Toktogul Nanaev comes from the Jetigen tribe. Based on archival materials and on the basis of field research materials, the article deals the fact of the confiscation of the Nanaev family's farm by the Soviet government, and also confirms that Toktogul Nanaev, who in Soviet times was considered was an enemy of the common people, he was a person helped the poor in the memory of the inhabitants .*

***Key words:*** *dispossession, Soviet power, confiscation, county, volost, bai-manap, class.*

Совет бийлиги орногондон соң анын негизги максаты болгон жеке менчикти биротоло жоюп, социалдык абалы боюнча бирдей коомду куруу болгондугун билебиз. Ошонун негизинде мамлекеттик менчикти, коллективдүү чарбаларды түзүү Совет бийлигинин башкы милдети болгон. Буга ылайык, 1920-жылдардын аягында СССРде айыл чарбасын коллективдештирүүнүн негизинде кулактарды тап катары жоюу саясаты жүргүзүлө баштаган. “Кулак” деген термин XX кылымдын 20-30-жылдары колдонулуп, саясий термин катары кедейлердин жалданма эмгегинен пайдаланган эзүүчү, бакыбаттуу бай дыйканды түшүндүргөн. Кулактарды тап катары жоюу бул оокаттуу дыйкандарды жеринен, бүт мал мүлкүнөн, оокатынан, укуктарынан ажыратуу дегенди түшүндүргөн. Республикалык жана аймактык комиссиялар көчүрүү саясатын ишке ашыруу максатында бай- манап, кулактарга каршы иштерди жүргүзүшкөн.

1926-ж. БКП (б) Кыробкомдун Аткаруу комитетинин токтомунун негизинде манапчылык менен күрөшүү боюнча комиссия түзүлгөн. 1927-ж. 27- январда БКП (б)нын Орто Азия бюросу кабыл алган “Манаптар жөнүндө” токтомунда манаптарды БМСБ аркылуу көчүрүү жана алардын мүлкүн тартып алуу сунушу каралган.

1927-ж. бай-манаптарды союздун башка аймактарына эң алгачкы жолу массалык көчүрүү иштери жүргүзүлгөн. Көчүрүү иштерин жогорку, жергиликтүү бийликтин жана Бириккен мамлекеттик саясий башкармалыктын (БМСБ, орусчасы. ОГПУ) өкүлдөрүнөн турган үчилтик тарабынан жүргүзүлгөн.

1927-жылдын 12-мартында Кыргыз АССРинин Советтеринин I уюштуруу съезди бай-манапчылык жана кулактар менен күрөшүү жөнүндө токтомунда “социалдык жактан зыяндуу бай-манап, кулактарды коомдон бөлүп, эмгекчилерди бай-манаптардын эзүүсүнөн бошотууну камсыз кылуу керектиги айтылган”. Жогорудагы токтомдордун негизинде 1927-жылдын 27-мартында Кыробкомдун Аткаруу Бюросунун жыйынында Кыргызстандын аймагынан 21 бай-манапты көчүрүү тууралуу чечим чыгарылган.

1929-жылдын февраль-март айларында Кыргызстандын Нарын, Талас, Каракол, Ош аймактарындагы 44 бай-манаптын мүлктөрү тартылып алынган. Оренбург облусттук мамлекеттик архивинен 1929-жылдын

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



3-январында Кыргыз АССРинин Эл комиссарлар Кеңеши менен БАКтын токтомунун негизинде чыгарылган 43 бай-манаптын үй-бүлө мүчөлөрү болуп, бардыгы 319 адамдын айдалгандыгы тууралуу маалымат бар экендиги аныкталган. Алардын ичинен Талас кантонунан айдалгандардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жалпы саны 158 адам болгон. Алар 3 жылдык мөөнөткө Россиянын Оренбург округуна сүргүнгө айдалган [1, 250-260-бб.].

Ошентип, жогорудагы токтомдордун негизинде Талас кантонунун, Кара-Ой болуштугунун №6 (азыркы Арал) айылынын тургуну Токтогул Нанаев баймanaп деген ат менен үй-бүлөсү менен Россиянын Оренбург округуна (Зауральная роща) сүргүнгө айдалган.

Токтогул Нанаев жетиген уруусунан чыккан. Сулайманов Чокойбек агайдын изилдөөсү боюнча: Жетигенден: (Эшен Карек) - Сааба-Ыбрайым-Кабыл-Кудайберди-Кудайменде-Бейше. Бейшеден-Төлөбай, Аргымбай, Шалтак, Чокой, Чыйбыт. Чыйбыттан-Итемген, Жүзөй: Жүзөйдөн-Чомой, Чындөөлөт, Ийгилик: Ийгиликтен Жантору, Байтору, Телкозу, Түркмөн. Жанторудан-Үрүстөм, Байырбек. Үрүстөмдөн-Нанай, Нурбай. Нанайдан-Токтогул, Аманкул, Эшенкул, Оторкул. Небереси Зарип Токтогуловдун берген маалыматы боюнча Токтогулдун 3 зайыбы болгон. Биринчи зайыбынан: Ибраим, Исраил. Экинчи зайыбынан: Касымкул (филолог, доцент), Дилдебү, Мария (Жоомарт Оторбаевдин апасы, медицина илимдеринин доктору). Үчүнчү зайыбынан: Сагынбек. Ибраимден-Жоробек, Эркин. Исраилден-Карып, Зарип. Касымкулдан-Акматбек, Мүсүрөтбек, Кемелбек, Азис, Галия. Сагынбектен-Болот, Марат, Канат.

Токтогулдун атасы Нанай ажы болгон. Нанай болуш жөнүндө эл оозунда “Тиги Таласта Нанай бар, камы - чому далай бар” деген ылакап кеп айтылып калган. Атасы Нанай дагы, Токтогул дагы калкка кадырлуу, эмгеги сиңген, чарбакер адамдар болушкандыгы айтылган. Кара-Ой болуштугунун №4 айылынан бай манап деген айып менен Батырбай Маралбаев деген тургунун кулакка тартуу иш аракеттеринде 1929-ж.

7-февралда бүткүл айыл тургундарын чакырып жыйналыш өткөрүшкөн. Бул жыйналышта көмөк көрсөтүү максатында түзүлө турган кедей дыйкандардан комиссияга 15 адамдын талапкерлиги каралып, бардыгы бир добуштан колдоого ээ болуп өтүшкөн. Бул комиссия Б.Маралбаевден башка дагы бай манаптарды (Асран Бакаев, Кадыркул Артыкбаев, Мойнак Садыков, Токтогул Нанаев, Чала Джанчаков, Алиман Чалов, Нурманбет ж.б.) кулакка тартуу сунушун айтышкан. Бирок Б. Маралбаевден башка бир да бай манап кулакка тартылбайт деп элдин маанайын бурмалашкан. Анткени, карапайым элдин арасында Токтогул Нанаевдей элге жардам берген мыкты инсандар да болгон. [5, 179-180-бб.]. Бирок бул комиссия айылдык кеңештин башчылары болгон бай-манаптарды (С. Умаровду, Ю.Атабековду, А.Таштановду, А.Бакаевди, М. Баймункеевди, Т. Нанаевди мындан тышкары дагы 7 адамды) кулакка тартуу жөнүндө чечим чыгарышкан [5, 90-б.].

Ошентип, жогорудагы токтомдордун негизинде Нанаев Токтогулдун чарбасын жоюу боюнча иштер жүргүзүлгөн. Талас облустук архивинен табылган маалыматтар боюнча Токтогулдун 3 аялы, 2 уулу, келиндери менен жалпысынан 17 адамдын камакка алынгандыгы жөнүндө маалымат бар. Ал эми Нанаевдердин мүлкүнөн 60 жылкы, 23 баш ири мүйүздүү мал, 4 төө, 1359 баш кой тартылып алынган. Ал эми уулу Исраилдин 5-6- февралдын түнүнө карай Рыков болуштугунун №7 айылына Ташкараев деген кишиге 8 мыкты тубар жылкысы, 501 коюу жеткирилгендиги тууралуу маалыматтар бар экендиги жазылган. Акыркы тизме боюнча 90 баш жылкы, 1454 баш кой, 35 ири мүйүздүү мал, 4 төө конфискацияланган. Ал эми 95 кой, 22 жылкысы табылган жок деп жазылган.

Үй мүлкүнөн 37 даана кийиз, 11 килем, 5 жибек чапан. Анын ичинен 4 чапан Токтогулга таандык. Мындан тышкары, кийим тигүүчү 2 бут машина (маалымат боюнча 4 бут машина болгон) конфискацияланган.

Ал эми турак жайларынан 1 жыгач, 1 каркастуу үй, 4 кербен сарай (соода кылуучу жайы, 3 бөлмөлүү чайханасы менен) конфискацияланаган. Сарайда 5 жашоочу бөлмө болгон. Соода кылуучу жайында терини алып саткан деген божомолго такалдым. Себеби, Токтогулдун уулу Исраил тери иштетүүчү болуп иштегендиги тууралуу маалыматты, маалымат берүүчү небереси Зарип Токтогулов айтып берди. Мындан тышкары жылкылар үчүн салынган 1 чатыры, башка малдары үчүн 1 чатыры, 1 устаканасы жашоочу бөлмөсү менен, сырты кирпич менен капталган 1 жыгач сарай конфикациялангандыгы тууралуу маалыматтар жазылган. Жалпысынан Нанаевдердин мүлкүн эсепке алуу 17- фералга чейин жүргүзүлөөрү маалымдалган. Котормочунун жоктугу, ишти тоскоолдукка учуратты. Ошондой эле уулу Исраилди кармоодо комиссия мүчөлөрү жана койчу менен иш алып баруу кыйынчылыкты жаратты деп жазылат архивдик маалыматтарда [5, 82-83-бб.]. Маалымат берүүчү неберелери Зарип Токтогулов, Канат Нанаевдердин айтуусу боюнча чоң атасы Токтогулдун 3 зайыбы өз өзүнчө конуштарда тургандыгы жөнүндө маалымат беришти. Арал айылынын башында Токтогулдун конушу деп дагы деле аталган жер бар экендигин, ал жакта таш сарай болгондугун айтып беришти [8;9].

Нанаевдердин малы деген күмөн саноо менен карапайым адамдардын малдары да тартылып алынган. Мисалы, Кыргыз АССРинин БАКнин Талас кантонунун Кара-Ой болуштугунун №6 айылынын жа-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



шоочулары Калыкберди Түлөкабылов, Сары Кудабаев, Илияс Дүйсембиевдердин жазган арыздарында Нанаевдин малы деген күмөн менен

К. Түлөкабыловдун 1 жылкы, 33 кой, И. Кудабаевдин 7 кой, 1 жылкысы тартылып алынган. Ушундай эле арыз менен Ибраим Кудабаев 2 жылкысы Нанаевдики деген күмөн менен тартылып алынгандыгы тууралуу кайрылышкан [5, 59-60-бб.].

Жалпысынан Нанаевдердин иши боюнча 90дой арыз түшкөн. Комиссияны бул арыздар боюнча карап, талдап чыгып, арызданууучуларга жыйынтыгын билдирүү керектигин тапшырган. Эгерде бул арыздар канаатандырылса, анда алардын чарбалары ийне, жибине чейин кайтарылып берилет деген маалымат жазылган [5, 83-б.]. Кырг АССРинин БАКнин Президиумунун №6 отурумунун токтомунун көчүрмөсүн 8-пунктунда Сары Кудабаевдин өтүнүчү боюнча Б. Маралбаевдин жана Токтогул Нанаевдин малы катары конфискацияланган 2 жылкысы жана 33 койу далилденген учурда компенсацияланып берилсин деп Талас кантондук кеңешине сунуштаган. 3-июнь 1929-жыл [4,52-б.].

Маалымат берүүчү небереси Зарип Токтогуловдун жана 95 жаштагы Өмүрбеков Молдодек карыянын маалыматы боюнча Токтогул балдарын каапырга окутту деп айылаштарынын айтып калгандарын айтты. Ал кулакка тартылганга чейин эле балдарын орус тилинде билим алуусуна шарт түзүп берген. Орус тилин билгендиктери сүргүнгө айдалганда кыйналбай оокат кылууга жардамы тийген. Оренбургга көмүр жүктөлгөн эшолон поезд менен кеткендигин, жолду катар Токтогулдун балдары тамак-аш алып берип кыйналай жеткендиктерин уулу Касымкул айтып бергенин айтты. Оренбургга барган 17 бай манаптын ичинен тың жашашкан. Касымкул Оренбургда котормочу болуп кээде 50 рубль чейин тапкандыгы боюнча маалыматтар кездешет. Уулу Исраил 1901-жылы туулган, оокатка тың, чечен, тири карак, иштин көзүн таба билген инсан болгондугун иниси Сагынбек айтып берген экен. Ал жактан ат араба сатып алышып, оокат кылышкан [7].

Кыргыз АССРинин БАКне, №907 58 а 23 18-май 1929-ж., НКЮ РСФСРдин кайрылуусунда: Кыргыз АССРинен сүргүнгө айдалган бай манаптар С. Ташкаров, Д.Ташкаров, Садыков, Бекмамбетов, Кудайбергенов, Токтогулов ж.б. 21 адамдын арыздары жана Токтогуловдордун 20-март 1929-ж. жазылган №2135 2 арызы, ошондой эле Оренбургдун “Смычка” газетасынын №93 (1202) санынан үзүндүсү мемен Кыргыз АССРинин Прокуратурасына кайрылуу жөнөтүлгөн Кыргыз АССРинин БАКнин 1929-ж. 5-февралда чыккан токтомунун негиздүүлүгүн текшерип берүүсүн суранган. Мындан тышкары депортациялангандардын жумуш, жер менен камсыз болушу жөнгө салып берүүнү Оренбургдук бийлик өкүлдөрүнөн сураныш-кан. Тиркемеде 2арыз жана “Смычка” газетасынын №93 (1202) санынан үзүндү тиркелгендиги тууралуу маалымат бар.

Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинен Токтогулдун уулдары Ибраим, Исраил, Касымкулдун Кыргыз АССРинин Талас кантонунун Кара-Ой болуштугун №6 айылына арыз менен кайрылышкан. Арыздын маанисинде атасы Токтогул Нанаев Кыргыз АССРинин БАКнин 5-февралдагы 1929-ж. токтомунун негизинде бай-манап катары Кыргызстандын чегинен көчүрүлгөн. Бирок, аларга карата 3 багытта туура эмес декрет кабыл алынгандыгы жазылган.

Мен, Ибраим 1895-жылы туулгам, 18 жашка чейин эле атамдын карамагында болгом. 18 жашымда үйлөнүп, атаман бөлүнүп кеткем. Үй-бүлө мүчөлөрүм 6 адамдан турат. 350 койум, 2 төөм, 22 жылкым, 5 уйум бар. 1922-ж. чейин салыктарды төлөп тургам, айрым документтер комиссия тарабынан тартылып алынганган. Ошондой эле атам менен аралык 100 км. ашык, байланышууга убактым жок. Комиссия келгенде кыштоодо Караколдо болгом жана комиссия өзүнчө акт талап кылып, жатат деп жазган. 1924-ж. Кара-Ой болуштугу тарабынан өз алдынча жашайт деген аныктамам бар деп жазган.

Комиссия бардык мал-мүлкүн тартып алып, болгону 686 рубль гана жол киреге берген. Оренбургга келгенде же жер бербей, же жумуш бербей үй-бүлөсү кыйынчылыкка дуушар болгондугун жазышкан. Жалпысынан айтканда, бай- манаптын балдары болгондугу үчүн жабыр тартып жатышкандыгы тууралуу арызданышкан [4, 39-40-б.].

Оренбург округунда копко турбай эле 30-жылдардын башында Казакстандын Мерке, Луговой тарапка көчүрүлгөн жана Токтогул Нанаевдин сөөгү Казакстанда коюлган. Ал эми уулу Исраил Таласка 1960-жылы көчүп келип, кайрадан жашоосун улантткан [9].

Бай-манап катары кулакка тартылып, турмуштун кыйынчылыктарына бышкан уул-кыздары кыргыз элине эмгектери сиңген улуу инсандар болуп чыгышкан. Алсак, уулу Касымкул (1909-1977-жж.) агартуучу, кыргыз тилин жана адабиятын окутуу боюнча адис, Лениндин томдуктарын которгон улуу окумуштуу болгон. Азыркы кезде Арал айылындага орто мектепке аты коюлган [3, 250-б.].

Кызы Мария 1927-жылы туулган. Фармаколог, медицина илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген врачы [3, 250-б.].

Кичүү уулу Сагынбек 1923-жылы туулган. Арал айылында орус тили мугалими болгон. Орус тилин абдан жакшы билгендигин айылдаштары айтып жүрүшөт. Таласта биринчи Эл агартуунун Отличнигин алган мугалим болгон [8]. Азыркы кезде Арал айылында Токтогул Нанаевдин неберелери Зарип Токтогулов

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



жана Канат Нанаевдер жашап, эмгектенишүүдө.

Жыйынтыктап айтканда, Совет бийлигинин мезгилинде бай-манап катары, карапайым элдин душманы катары кулакка тартылган Токтогул Нанаев эл оозунда жарды-жалчыларга жардамын аябаган, адилеттүү инсан болгондугу тарыхый булактар боюнча тастыкталат.

**Адабияттар:**


1. Кыргызстандын тарыхы. Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин. - 3 томдук. - III т.
2. XX к. жана XXI к. башы (1900-2016-жж.). КР УИА Тарых жана маданий мурас институту; Башкы ред. кең.: А.Джумалиев (төрага) ж.б. - Б.: Кут- Бер, 2016. - 250-260-бб.
3. Бектур Исаков. Арал санжырасы. – Талас, 2001. - 60-62-бб.
4. Талас облусу энциклопедия. - Б., 1995. - 251-б.
5. КРнын Борбордук мамлекеттик архиви. Ф. 21, О. 4, д.16 34-35-39-40-бб.
6. Талас облустук мамлекеттик архиви. Ф. 485, О. 1, д. 105, 112, 59-60-61-82-83-90-бб.;
7. Бекмуратова Д.З. Религиозная обстановка в Таласском регионе в годы независимости (1991-2017 годы). Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 4. С. 93-96.


**Маалымат берүүчүлөр:**

1. Сулайманов Чокойбек (Талас облусу, Талас району, Арал айылы. 1955-ж. туулган.
2. Нанаев К. о.м. тарыхчы, эмгек сиңирген мугалим).
3. Өмүрбеков Молдобек (Талас облусу, Талас району, Арал айылы. 1927-ж. туулган. КР «Ардактуу аксакалы» орденинин ээси).
4. Нанаев Канат (Талас облусу, Талас району, Арал айылы. 1965-ж. туулган. Токтогул Нанаевдин небереси).
5. Токтогулов Зарип (Талас облусу, Талас району, Арал айылы. 1965-ж. туулган. Токтогул Нанаевдин небереси).